**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Бекитемин:**
**Ош мамлекеттик**
**университетинин ректору**
**проф. К.Г. Кожобеков**

**__________________________**
**2023-жылдын «_1_» сентябры**

# ЭЛ АРАЛЫК БАЙЛАНЫШТАР БӨЛҮМҮНҮН ЖОБОСУ

**Ош - 2023**

**Ош мамлекеттик университетинин эл аралык байланыштар бөлүмүнүн жобосу**

## I. Жалпы жоболор

**1.** Эл аралык байланыштар бөлүмү (мындан ары - Бөлүм) ОшМУнун ректорунун 2023-жылдын 9-сентябрындагы №4062-ФХД буйругу менен түзүлгөн.

**2.** Бөлүм - эл аралык байланыштар жаатында университеттин дипломатиялык саясатын жүргүзүүчү структуралык түзүм.

**3.** Бөлүм өзүнүн ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, университеттин Уставын жана нормативдик-укуктук актыларын, Окумуштуулар кеңешинин токтомдорун, ректордун буйруктарын, билим берүү жана илим жаатындагы эл аралык уюмдардын келишимдерин жана документтерин, ошондой эле ушул жобону жетекчиликке алат.

**4.** Бөлүмдүн курамы бөлүмдүн начальнигинин сунушу, тышкы байланыштар боюнча проректордун макулдугу боюнча ректордун буйругу менен штаттык жадыбалга ылайык түзүлөт.

**5.** Бөлүм өзүнүн ишмердүүлүгүн тышкы байланыштар боюнча проректор менен макулдашылган, университеттин ректору тарабынан бекитилген пландын негизинде деканаттар, колледждердин директорлору, кафедралар жана башка түзүмдөр менен биргеликте жүзөгө ашырат.

**6.** Бөлүмдүн начальниги тышкы байланыштар боюнча проректордун макулдугу менен ректор тарабынан дайындалат.

**7.** Бөлүмдүн начальниги бөлүмдүн ишмердүүлүгүнө жетекчилик кылат жана анын иш-аракети, өзүнө жүктөлгөн милдеттердин аткарылышы үчүн жоопкерчиликти мойнуна алат.

**8.** Бөлүмдүн кызматкерлери бөлүмдүн начальнигинин жана тышкы байланыштар боюнча проректордун макулдуктары менен ректордун буйругунун негизинде дайындалат жана кызматтык орундан бошотулат.

**9.** Бөлүм университеттин каражатынын эсебинен каржыланат.

## II. Бөлүмдүн негизги милдеттери

**1.** «ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН 2023-2026-жылдарга ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ МОДЕЛИ" стратегиялык программасында камтылган Бөлүмгө тиешелүү иш-чараларды аткаруу.

**2.** Университеттин эл аралык уюмдар, фонддор, чет өлкөлүк жана ата мекендик окуу жайлар менен билим берүү жана илим жаатындагы байланыштарын жана кызматташтыгын орнотуу, биргелешкен эл аралык долбоорлорду жана программаларды ишке ашыруу.

**3.** Университетти ЖОЖдордун ассоциацияларына киргизүү, окуу жайдын ал ассоциациялардагы ишмердүүлүгүн жүргүзүү.

**4.** Билим берүү, илимий мекемелер, эл аралык уюмдар, агентстволор, чет өлкөлөрдүн Кыргыз Республикасындагы элчиликтери менен иш алып баруу.

**5.** Чет өлкөлүк ЖОЖдор, уюмдар менен кызматташуу жөнүндөгү келишимдердин, меморандумдардын, протоколдордун долбоорлорун даярдоодо университеттин структуралык түзүмдөрүнө консультациялык жана практикалык жардамдарды көрсөтүү.

**6.** Кызматташуу жөнүндөгү келишимдердин, меморандумдардын долбоорлорун өнөктөш окуу жайлар жана уюмдар менен макулдашуу.

**7.** Университет туурасындагы жарнамалык-маалыматтык материалдарды (Интернет-сайттар, жарнамалык буклеттер, бюллетендер, презентациялык слайддар, видеороликтер, справочниктер, университеттин логотиби түшүрүлгөн календарлар, значоктор, желекчелер, сувенирлер ж.б.) даярдоого жана жайылтууга көмөктөшүү.

**8.** Студенттердин, магистранттардын жана окутуучулардын академиялык мобилдүүлүгүн өнүктүрүү, илимий-педагогикалык, илимий-техникалык кадрлардын жана студенттердин алмашууларын уюштуруу.

**9.** Университеттин чет өлкөлөрдө жана ата мекендик окуу жайларда окуп келүү, стажировкаларда, иш сапарларда болуу үчүн чыгып жаткан студенттери, кызматкерлери жана илимий-педагогикалык кадрлары менен иш алып баруу.

**10.** Университетте ишке ашырылып жаткан долбоорлор, түзүлгөн келишимдер боюнча маалыматтык база түзүү.

**11.** Университеттин эл аралык байланыштарын өнүктүрүүгө карата инновациялык ыкмаларды дайыма издеп табуу жана практика жүзүндө ишке ашыруу.

**12.** Байланыштарды жана кызматташтыкты түзүү маселеси боюнча университеттин атынан потенциалдык өнөктөштор (ЖОЖдор, эл аралык агентстволор, фонддор, уюмдар ж.б.) менен сырткы жана ички кат алышууну жүргүзүү.

**13.** Тийиштүү структуралык түзүмдөр менен биргеликте алмашуу программаларына катышып, башка окуу жайларда окуп келген студенттерге отчеттук сессияларын жана академиялык айырмачылыктарын өз убагында тапшыруусуна көмөк көрсөтүү.

**14.** Биргелешкен билим берүү (кош диплом) программалары боюнча өнөктөш окуу жайлар менен келишимдерди түзүү жана ал программаларды ишке ашырууда структуралык бөлүмдөргө көмөк көрсөтүү.

**15.** Студенттер менен окутуучуларды университеттин эл аралык ишмердүүлүгү туурасындагы пайдалуу маалыматтар, жаңылыктар, кулактандыруулар, жарыялар ж.б., ошондой эле эл аралык гранттык жана стипендиялык программалар, университетте жана чет өлкөлөрдө өтүүчү конкурстар, иш-чаралар жөнүндөгү материалдар менен үзгүлтүксүз камсыздап туруу.

## III. Бөлүм кызматташкан тараптар

Ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө Бөлүм төмөнкү мекемелер жана кызматкерлер менен иштешет:

**1.** Өзүнүн компетенциясына кирүүчү маселелердин кеңири спектри боюнча Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим, Тышкы иштер министрликтери, мамлекеттин чет өлкөлөрдөгү дипломатиялык өкүлчүлүктөрү, чет өлкөлөрдүн Кыргызстандагы элчиликтери ж.б. менен;

**2.** Эл аралык байланыштар жана кызматташтык, симпозиумдарды, илимий конференцияларды, семинарларды, форумдарды, академиялык алмашууларды, окутуучулардын стажировкаларын, студенттердин чет өлкөлөрдөгү практикаларын

уюштуруу ж.б. көптөгөн багыттар боюнча ректорат, эл аралык уюмдар, чет өлкөлүк окуу жайлар ж.б. менен;

**3.** Мобилдүүлүктү уюштуруу, Бөлүмдүн ишкердигин камсыздоо, документтерди жана маалыматтарды алмашуу, белгиленген тартипте отчетторду тапшыруу ж.б. маселелерге карата университеттин структуралык түзүмдөрү, деканаттары жана кафедралары, факультеттердин эл аралык байланыштар боюнча координаторлору менен.

## IV. Укугу

Бөлүмдүн кызматкерлери укуктуу:

**1.** Университеттин жетекчилигине (ректорго, тышкы байланыштар боюнча проректорго ж.б.) эл аралык байланыштарды жакшыртуу, анын эффективдүүлүгүн жогорулатуу, иштөөнүн жаңы формаларын жана ыкмаларын киргизүү боюнча сунуш берүүгө.

**2.** Университеттин жана анын структуралык түзүмдөрүнүн жумуш үчүн керектүү документтерин белгиленген тартипте алууга.

**3.** Структуралык түзүмдөрдөн өз компетенциясына тиешелүү маселелер боюнча чечимдерди иштеп чыгууга жана кабыл алууга керектүү маалыматтарды белгиленген тартипте сурап алууга.

**4.** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине, мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдарына, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарына зарылчылык болгон учурда маалымат берүүгө.

**5.** Эл аралык байланыштар маселелери боюнча ар түрдүү тышкы уюмдарда жана мекемелерде жетекчиликтин тапшырмасы менен университетти тааныштырып, анын өкүлү болууга.

**6.** Чет өлкөлүк жана ата мекендик окуу жайлар, мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдары, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары, коомдук бирикмелер жана уюмдар, Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдөгү өкүлчүлүктөрү, эл аралык уюмдар ж.б. менен өзүнүн компетенциясына кирүүчү маселелер боюнча кызматтык кат алышууну жүргүзүүгө.

**7.** Чет элдик университеттер, эл аралык уюмдар жана фонддордун өкүлдөрү менен Кыргыз Республикасынын аймагында жана чет өлкөдө эл аралык кызматташууну өнүктүрүү маселелери боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө жана мындай иш-чараларга даярдык көрүп катышууга, ошондой эле Кыргыз Республикасында чет элдик мамлекеттик ишкерлерди, эл аралык уюмдардын жана аймактык бирикмелердин, билим берүү, илимий жана ишкердик чөйрөнүн өкүлдөрүн кабыл алууну уюштурууга.

**8.** Чет өлкөлүк уюмдардын-өнөктөштөрдүн борборлорун университетте, университеттин борборлорун чет өлкөлөрдө ачуу боюнча тышкы байланыштар боюнча проректордун макулдугу менен ректорго сунуштарды берүүгө.

**9.** Иштеп жаткан мыйзамдардын жана университеттин Уставынын негизинде каралган социалдык укуктардан колдонууга.

## V. Болүмдүн ишмердүүлүгүнүн уюштурулушу

**1.** Бөлүмдү университеттин тышкы байланыштар боюнча проректордун макулдугу менен ректору тарабынан кызматка дайындалуучу жана кызматтан бошотулуучу бөлүмдүн начальниги башкарат.

**2.** Начальник Бөлүмгө жүктөлгөн милдеттердин аткарылышына жеке жоопкерчилик алат.

Начальник:

**1.** Бөлүмдүн ишмердүүлүгүн жетектейт жана компетенциясына кирүүчү маселелер боюнча университеттин жетекчилиги (ректор, тышкы байланыштар боюнча проректор ж.б.) тарабынан берилген тапшырмаларды белгиленген мөөнөттө сапаттуу аткарылышын камсыздайт.

**2.** Өзүнүн кол астындагы кызматкерлердин арасында милдеттерди бөлүштүрөт.

**3.** Бөлүмдүн кызматкерлеринин кызматтык милдеттерин аныктайт.

**4.** Белгиленген тартипте Бөлүмдүн кызматкерлерин кызматка дайындоого макулдугун жана кызматтан бошотуу жөнүндөгү сунуштарын берет.

**5.** Бөлүмдүн штаттык жадыбалы боюнча ректорго кызматтык кат жазат.

**6.** Өзүнүн милдеттерине ылайык, тышкы байланыштар боюнча проректордун жетекчилигинде иштейт.

## VI. Жоопкерчилик

**1.** Бөлүм бул жободо көрсөтүлгөн функциялардын жана милдеттердин тиешелүү деңгээлде аткарылбагандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык, Ош мамлекеттик университетинин Уставында белгиленген жоопкерчиликти мойнуна алат.

Жобо эл аралык байланыштар бөлүмү тарабынан иштелип чыкты.

Эл аралык байланыштар
бөлүмүнүн начальниги, доцент : **А.О. Абдувалиев**

**Макулдашылды:**
Тышкы байланыштар боюнча
проректор, доцент: **К.Ш. Аттокуров**
Укук иштер бөлүмүнүн
башчысы: **Ж. А. Айдарбекова**